**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ**

**ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ**

| **КАРАЛДЫ**<br>Окумуштуулар кеңешинин № 2<br>протоколу<br><br>"22" 12 2023-ж. | **БЕКИТЕМИН**<br>Кыргызстан ислам университетинин<br>ректору, проф.<br>__________________ Нарматов А.И.<br>" 22 " 12 2023-ж. |
| --- | --- |

# СТУДЕНТТЕРДИН МУРУНКУ БИЛИМДЕРИН ТААНУУ ЖАНА КАЙРА ЭСЕПКЕ АЛУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Бишкек-2023

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо студенттердин мурунку билим берүүсүн, дисциплиналарын, окуу жетишкендиктерин жана окутуунун натыйжаларын (Learning Outcomes) таануу жана перезачёт жүргүзүү тартибин жөнгө салат.

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, кредиттик окутуу технологиясынын талаптарына жана Кыргызстан Ислам университетинин (мындан ары – КИУ) ички нормативдик актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Кайра эсепке алуу – бул студенттин мурда өздөштүргөн дисциплиналарынын жана алынган кредиттеринин КИУдагы билим берүү программасына дал келүүсүн расмий таануу процесси болуп эсептелет.

1.4. Бул Жобо төмөнкү категориядагы студенттерге колдонулат:

- башка жогорку окуу жайларынан которулган студенттер;
- академиялык мобилдүүлүк программаларына катышкан студенттер;
- экинчи жогорку билим алуучулар;
- диний билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрү;
- кошумча билим берүү программаларын бүтүргөндөр.

1.5. Таануу процесси ачык-айкындуулук, объективдүүлүк жана адилеттүүлүк принциптерине негизделет.

**2. Жобонун максаты**

Бул Жобонун негизги максаты:

- студенттердин мурда алган билимдерин адилет жана объективдүү таануу;
- билим берүү процессинин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу;
- академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү;
- студенттердин окуу жүгүн оптималдаштыруу;
- билим берүүнүн сапатын жогорулатуу.

**3. Таануунун негиздери**

Перезачёт төмөнкү документтердин негизинде жүргүзүлөт:

- мамлекеттик үлгүдөгү диплом жана тиркемеси;
- жалпы орто билим жөнүндө аттестат (зарыл учурда);
- академиялык транскрипт (Transcript of Records);
- сертификаттар (курстар, онлайн билим берүү платформалары ж.б.);
- медресе жана башка диний окуу жайлардын документтери;
- окуу программалары (силлабус, дисциплинанын мазмуну);
- кредиттер жана сааттар боюнча маалыматтар.

3.2. Чет өлкөлүк документтер мыйзамга ылайык нострификациядан өткөрүлүшү мүмкүн.

**4. Кайра эсепке алуу жүргүзүү тартиби**

4.1. Студент белгиленген формадагы арыз менен факультетке же окуу бөлүмүнө кайрылат.
4.2. Студент төмөнкү документтерди тиркейт:
• диплом/сертификат;
• транскрипт;
• силлабус же дисциплинанын мазмуну;
• паспорттун көчүрмөсү (зарыл учурда).
4.3. Документтер тиешелүү кафедрага өткөрүлүп берилет.
4.4. Кафедра төмөнкү критерийлер боюнча академиялык талдоо жүргүзөт:
• дисциплинанын мазмуну;
• саат көлөмү жана кредиттер;
• окутуунун натыйжалары (Learning Outcomes);
• компетенциялардын дал келүүсү.
4.5. Окуу бөлүмү дисциплиналар боюнча кредиттердин шайкештигин текшерет жана салыштыруу жүргүзөт.
4.6. Перезачёт комиссиясы түзүлөт, анын курамына:
• декан же анын орун басары;
• кафедра өкүлдөрү;
• окуу бөлүмүнүн кызматкери кирет.
4.7. Комиссия документтерди карап чыгып, төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:
• толук перезачёт;
• жарым-жартылай перезачёт;
• перезачёттон баш тартуу;
• кошумча сынак (экзамен/тест) дайындоо.
4.8. Комиссиянын чечими протокол менен бекитилет.
4.9. Акыркы чечим проректордун буйругу менен бекитилет.
4.10. Перезачёт жыйынтыктары студенттин академиялык ведомостуна жана маалыматтык системага киргизилет.

**5. Таануунун критерийлери**

Перезачёт төмөнкү критерийлердин негизинде жүргүзүлөт:
• дисциплинанын мазмунунун кеминде 70% шайкештиги;
• кредиттердин жана сааттардын дал келиши;
• окутуунун натыйжаларынын шайкештиги;
• компетенциялардын деңгээлинин дал келиши;
• дисциплинанын актуалдуулугу (акыркы 5 жыл ичинде алынган).

**6. Бааларды конвертациялоо**

6.1. Баалар КИУнун рейтингдик системасына жана ECTS шкаласына ылайык конвертацияланат.
6.2. Конвертациялоо тартиби өзүнчө тиркемеде көрсөтүлөт.
6.3. «Зачёт» же «Pass» форматындагы дисциплиналар тиешелүү түрдө эсепке алынат.

**7. Мөөнөттөр**

7.1. Кайра эсепке алуу арыздары семестр башталганга чейин кабыл алынат.

7.2. Документтерди кароо мөөнөтү 10 жумуш күнүнөн ашпоого тийиш.

7.3. Өзгөчө учурларда (академиялык мобилдүүлүк ж.б.) мөөнөт узартылышы мүмкүн.

**8. Апелляциялык тартип**

8.1. Студент комиссиянын чечими менен макул болбогон учурда 3 жумуш күнүнүн ичинде апелляция бере алат.

8.2. Апелляция университет деңгээлинде түзүлгөн көз карандысыз комиссия тарабынан каралат.

8.3. Апелляциянын жыйынтыгы акыркы болуп эсептелет.

**9. Санариптештирүү**

Перезачёт процесси төмөнкү санариптик каражаттар аркылуу жүргүзүлөт:

• университеттин маалыматтык системасы;
• LMS платформалары;
• электрондук документ жүгүртүү системасы;
• академиялык базалар.

**10. Сапатты камсыз кылуу**

Сапатты камсыз кылуу максатында төмөнкү чаралар көрүлөт:

• перезачёт чечимдерине ички аудит жүргүзүү;
• документтердин тактыгын текшерүү;
• студенттердин кайтарым байланышын алуу;
• перезачёт статистикасын талдоо;
• сапатты жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**11. Жоопкерчилик**

11.1. Кафедра:

• академиялык экспертиза жүргүзүү үчүн жооп берет.

11.2. Окуу бөлүмү:

• процессти уюштуруу жана документтештирүү үчүн жооп берет.

11.3. Комиссия:

• чечимдердин объективдүүлүгү үчүн жооп берет.

11.4. Студент:

• берилген маалыматтардын тактыгы үчүн жооп берет.

**12. Жыйынтык жоболор**

12.1. Бул Жобо КИУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

12.2. Жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

12.3. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет.